**Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылында ички көзөмөл боюнча аткарылган иштеринин анализи .**

**Директор** –Исламов Канимет Алакович
**Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары**- Дыйканбаев Эдилбек Бактыбекович.
**Тарбия иштеринин уюштуруучусу.** Касымалиева Зарылкан Асыранбековна
**Соц. педагог.** Урматов Омурбек Урматович

**Билим берүү уюмунун толук аталышы:** Качибеков Абдулла атындагы орто мектеби.
**Жетекчи:** Исламов Канимет Алакович
**Дареги:** Нарын област Кочкор району Оро-Башы айылы көч.Түлөкабыл №14
**Окутуу тили**: Кыргыз
**Түзүлгөн жылы**: 2002-жыл
**Имараттын түрү**: Типтүү эмес.
Мектептин кубаттуулугу: 2корпустан турат. 1-корпус 100 окуучуга, 2-корпус 150 окуучуга баардыгы 250 окуучуга ылайыкташылган.

2022-2023-окуу жылында мектепте 24 мугалим эмгектенет . Алардын ичинен жогорку билимдүүсү 21 бакалавр жогорку билимдүүлөр **2** бүтпөгөн жогорку билимдүүсү-1

| Окуу жылы | Мугалимдердин жалпы саны | Жогорку билимдүүсү | Бүтпөгөн орто | Атайын орто, жана бакалавр | КРнын Эмгек Синирген мугалими | КРнын билим Берүү мыктысы | Билим берүү жана илим Министрлигинин Ардак громатасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2022-2023 | 24 | 21 | 1 | 2 | | 2 | 3 |

Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында 11 класс комплектиленип окутуу кыргыз тилинде бир сменада жүргүзүлөт. Азыркы мезгилде мектепте 156 окуучу окуп билим алып жатышат.

| Окуу жылы | Окутуу тили | Смендүүлүгү | Окуучунун саны класс комплект. | Билим сапаты. | Жетишүүсү | Үйдө окутулган окуучунун саны. | Майып балдардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2022-2023-жыл | Кыргыз | 1 | 156 | 49% | 100% | 1 | 2 |

Scanner App Lite

Жыл башында усулдук бирикме жалпы кеңешме өткөрүп,талкууга коюлуучу маселерди чечишти.Анда бирикменин планы бекитилди.Мугалимдердин календардык пландары бекитилди.

Мугалимдерден өтө турган ачык сабактардын темалары алынып,график түзүлдү.Сабактардын өтүлүшүнө УБ жетекчиси көзөмөл кылып,анализдөө жүргүздү.

Мугалимдер тиешелүү сабактар боюнча ошол сабакка кызыккан окуучуларды тандап,олимпиадага даярдашты.Окуучулар мугалимдери менен бирдикте даярданышып,олимпиадага катышып келишти.Бирок алдыңкы орундарды ала алышкан жок. Окуучулар берилген тапшырмалардын өтө оор экендигин айтышты.

ОРТ ке даярдык жыл башында эле башталган.Мугалимдер даярдап жатышат.Окуучулар курстарга да катышышты.

ПИЗА боюнча ар бир бирикменин мугалимдери план түзүшүп.план боюнча иш алып барышат. Окуучулардан тест алынып.жыйынтыгы чыгарылып турат.Окуучулардын кетирилген каталары боюнча анализдөө жүрдү.Сабактардан жетишпеген окуучулар менен иш алып бардык.Мугалимдерибиз кошумча сааттарды өтүштү.

Ачык сабактарды бардык бирикменин мүчөлөрү эң мыкты сабактарды,жаңы методдор менен,ТСО ну пайдаланып өтүштү. Райондун алкагында болгон «Жаш техник» конкурсуна катышып 4-орунду камсыз кылышты.

Аралыктан болгон онлайн сабактар үчүн видеосабактарды жазашты. Окуучулар тапшырмаларды күндөлүк менен алышып.окуп жатышты.Мугалимдер тарабынан кыйынчылыктар деле жаралган жок.Окуучуларда телефон бардыгында эле болбогондуктан,бир үй бүлөдө бирөө болгондуктан,тапшырмаларды аткаруу оңойго турган жок.

Бардык окуучулар компьютер менен иштегенди билишет,ссылка менен кирип онлайн тесттерди аткарганды үйрөнүштү.Математика боюнча олимпиадага катышышты

Scanner App Lite

2022-2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында өтүлгөн ачык сабактары боюнча филология илимдер секциясы

Максаты: Окуучулар күнүмдүк окуп жаткан сабактардан тышкары, кызыктуу методтор аркылуу жаны маалыматтарды алышат. Филология илимдеринин жашоодо канчалык маанилүү экенин билишип, кызыгуулары артат. Чыгармачылык менен ой жүгүртүүгө үйрөнүшөт.

22-сентябрда 6-класска кыргыз тилинен "Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк" деген темада абдан кызыктуу сабак өтүлдү. Сабак көп сүрөттөр менен жабдылган. Окуучулар кызыгуу менен активдүү катышышты. Фразеологизмдер жашоо турмуш менен тыгыз байланышта экени көрсөтүлдү. Сабакты Касымалиева Зарылкан өттү.

23-ноябрда 5-класска орус тилинен "Имя существительное" деген темада ачык сабак өтүлдү. Сабакка окуучулар активдүү катышышты. Сөз байлыктарын кеңейтишти. Сабак максатына жетти. Сабак темага ылыйык сүрөттөр менен, проектор менен жабдылган. Сабакты Бакыт уулу Арген өттү.

Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин башталгыч классынын усулудук бирикмесинин 2022-20223-окуу жылынын I жарым жылдыгы боюнча көрсөтүлгөн иштери.

2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн, талкууланып бекитилген план менен иш алып барылды.

1-сентябрда Билим күнүнө карата "Биз-Кргызстандын келечегибиз" темасында класстык сааттар өтүлдү 1-2-3-4-класстарга.

Мамлекеттик тил күнүнө карата концерттик программа өтүлдү(көркөм ырлар , макалдар, комуздун коштоосунда ырлар күүлөр )аткарылды . 3-4-класстардан кыргыз тили боюнча жат жазуу иштери алынды.

Scanner App Lite

Карылар күнүнө карата 2-3- 4-класстар класстык саат өткөрүлдү.
Мугалимдер күнүндө 3-4-класстар мугалимдерге куттуктоо баракчасын тапшырып ,чакан концерттик программасын тартуулашты.

Сентябрь айында "Китеп куржун" ата-энелер ,окуучулар менен китеп окууну уюштуруу иши болду. Октябрь айында Математика сабагынан стратегияларды колдонуп , сабактар өтүлдү .

Ноябрь айларында Адабий окуу сабагынан келгиле, окуйбуз ! программасынын көнүгүүлөрүн колдонуп ачык сабактар өтүлүп турду.

Декабрь айында класстан тышкаркы иш чара математикалык чемпионат өткөрүлмөк (2-4-класстар арасында) бул ишибиз аткарылбай калды, II жарым жылдыкта аткарууга алынат.

Кыргыз тили ,математика сабактарынын I , II чейректеринин жазуу иштеринин мониторинги чыгарылды

**Мектептин жетишкен ийгиликтери.**

Кочкор районунун окуучулары арасында Кочкор райондук "Прогресс" Коомдук фонду уюштурган китеп сынагында 9-класстын окуучусу Замир кызы Нурайым 1-орунду ээлеп сертификат жана баалуу белектер менен сыйланган.

Кочкор райондук билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулган физика сабагы боюнча "Жаш илимпоз"конкусунан 4 –орунду камсыз кылып келишкен.

Республикалык олимпиадага райондук турга, мектептен 12 окуучу катышып, анын ичинен Физика сабагынан Чолпонбекова Элайым 7 орунга илинди.

2022-2023-окуу жылынын аягына чейин дагы жакшы, ийгиликтерди жаратабыз деген аруу тилектер бар.

ОББ_____________Э Дыйканбаев.

Scanner App Lite

**Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында ички көзөмөл боюнча аткарылган иштеринин анализи .**

-Мамлекеттик программалардын аткарылышы .

-Сабактардын өтүлүү сапатын, мугалим тарабынан окуу тарбия иштеринин уюштурулушунун мазмунуна, формасына жана усулдар боюнча илимий талаптардын аткарылышын текшерип туруу.

- Окуучулардын өздөштүрүүсүн,өнүгүү денгээлде көзөмөлдөө.

- Мектеп жетекчилеринин кабыл алган иш пландарынын аткарылышын дайыма көзөмөлдөп туруу.

Мектептин жаны окуу жылына карата материалдык базасы, кадрлар менен толук камсыз болду. Ал эми класстык кабинеттеринин, иш кагаздарынын, спорттук аянтчанын абалын билүү иши жүгүзүлдү.

Окуучулар китеп менен камсыз болуусу жана жетишпеген китептер тууралуу тактоо иши жүргүзүлдү.

Класстык журналдарды жана ийрим жуналдары текшерилип, туура толтуруу боюнча жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер дайындалды. Бул тууралуу атайын семинар өтүлүп чыкты.

Календарлык тематикалык пландар окуу программанын негизинде текшерилип бекитилди.

Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында 11 класс комплектиленип окутуу кыргыз тилинде бир сменада жүргүзүлөт. Азыркы мезгилде мектепте 147 окуучу окуп билим алып жатышат.

| Окуу жылы | Окутуу тили | Смендүүлүгү | Окуучунун саны класс комплект. | Билим сапаты. | Жетишүүсү | Үйдө окутулган окуучунун саны. | Майып балдардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2021-2022-жыл | Кыргыз | 1 | 147 | 51% | 100% | 0 | 2 |

Scanner App Lite

Жыл башында усулдук бирикме жалпы кеңешме өткөрүп,талкууга коюлуучу маселерди чечишти.Анда бирикменин планы бекитилди.Мугалимдердин календардык планы такталып,конспектилердин үлгүлөрү тандалып,керектүүсүн колдонууга алынды. Андан тышкары мугалимдер бир канча кызыктуу маалыматтарды айтышты.

Мугалимдерден өтө турган ачык сабактардын темалары алынып,график түзүлдү.Сабактардын өтүлүшүнө УБ жетекчиси көзөмөл кылып,анализдөө жүргүздү Сабактарга бирикменин мүчөлөрү да анализ берип турушту.

Мугалимдер тиешелүү сабактар боюнча ошол сабакка кызыккан окуучуларды тандап,олимпиадага даярдашты.Окуучулар мугалимдери менен бирдикте даярданышып,олимпиадага катышып келишти.Бирок алдыңкы орундарды ала алышкан жок. Окуучулар берилген тапшырмалардын өтө оор экендигин айтышты.

ОРТ ке даярдык жыл башында эле башталган.Мугалимдер даярдашты.Окуучулар ортодо курстарга да катышышты,жыйынтык жакшы болду. Мектеп 80%ти камсыздады.

Сабактардан жетишпеген окуучулар менен иш алып бардык.Мугалимдерибиз кошумча сааттарды өтүштү.

Ачык сабактарды бардык бирикменин мүчөлөрү эң мыкты сабактарды,жаңы методдор менен,ТСО ну пайдаланып өтүштү.Жумалык,декадаларда стандарттык эмес сабактары жогорку деңгээлде болду.

Аралыктан болгон онлайн сабактар үчүн видеосабактарды жазашты. Окуучулар тапшырмаларды күндөлүк менен алышып.окуп жатышты.

Мугалимдер тарабынан кыйынчылыктар деле жаралган жок.Окуучуларда телефон бардыгында эле болбогондуктан,бир үй бүлөдө бирөө болгондуктан,тапшырмаларды аткаруу оңойго турган жок.Бардык мугалимдер электрондук күндөлүк менен иштегенди билишет жана окуучуларды да үйрөтүштү.

Чейрек сайын жетишүү боюнча маалыматтар алынып,ошого жараша мугалимдер иш жүргүздү. Чейректик жазуу иштерине мониторинг жүргүзүлүп,анализ берилип турду.

Жыйынтык: Так илимдер секциясынын мугалимдери планга коюлган иш чараны толугу менен аткарышты.

Scanner App Lite

2021-2022-окуу жылынын башында башталгыч класстар усулдук бирикменин иштерине мүчөлөрүнө анализ берилип, кеңештин мүчөлөрү бекитилип жана жаңы окуу жылына карата иш планы түзүлдү. Сентябрь айында старттык иштери алынды

1-сентябрда Билим күнүнө карата “Ата Журтум –Асыл Мекеним !” темасында 3-4-класстарда доклат окулду. Мамлекеттик тил күнүнө карата концерттик программа өтүлдү(көркөм ырлар , макалдар, комуздун коштоосунда ырлар күүлөр )аткарылды . Карылар күнүнө карата 4-класс класстык саат өткөрүлүп ,окуучулардын чоң ата , чоң апалары катышты .Мугалимдер күнүндө 3-4-класстар мугалимдерге куттуктоо баракчасын тапшырып ,чакан концерттик программасын тартуулашты. 2-3-4-класстардан кыргыз тили боюнча анализ жүргүздү. Ошондой эле ушул айда башталгыч класстардын декадасы өттү.

“Күз майрамы”1-2-3-4-кластар арасында өткөрүлдү .Жогорку деңгээлде дубал газеталар чыгарылды.23-февраль –Ата Мекенди коргоочулардын күнү жана Нооруз майрамдары Мугалимдердин талыкпас аракети жана окуучулардын кызыгуусу менен өткөрүлдү.

Орто окуган окуучулар жана таланттуу окуучулар менен иш алып барылып турду.

“Келгиле окуйбуз!”долбоорунун алкагында Адабий окуу сабактарынан ачык сабактар өткөрүлдү.Ар бир чейректе окуу техникасы алынып турду.Көркөм окуу конкурсу өткөрүлдү.

Апрель айында китеп жумалыгы өкөрүлүп, ар бир окуучу китепканага колдорунан келген китептрди алып келип өз салымдарын кошушту.

Башталгыч класстын мугалимдери : Муслимова Э, Ишенбаева Н, Исай кызы Анара, Арматова Дина жогорудагы мугалимдин ачык сабактары өз убагында жогорку деңгээлде өткөрүлүп турду.

Чейрек сайын Адабий окуу ,Кыргыз тили ,Математика сабактарынан тест, жат жазуу, текшерүү иштер алынып, бааланып турду. Ар бир мугалим өз ишинде жетишкен жана кемчилигин өз мойнуна алып, иш алып барып жатышты.

Scanner App Lite

**Мектептин жетишкен ийгиликтери.**

Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинде 2020-2021-окуу жылында райондук деңгээлде өткөрүлгөн,“жыл мугалими” кароо сынагында орус тили жана адабияты мугалими Абдыракманова Аида Табылбековна катышып, 3-орунду камсыз кылган. Райондун громатасы, жана баалуу белектер менен сыйланышкан.

Кочкор районунун мектептери арасында интелектуалдык мелдеш өткөрүлүп биздин окуучуларыбыз 4-орунду алышкан.

“Урания Мега Майнд” билим берүү борборунун “Тез окуу”боюнча окуучуларыбыз катышып I-II-III- даражадагы сертификат жана дипломдор менен сыйланышкан.

ОББ____________Э Дыйканбаев.

Scanner App Lite

**Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинин 2020-2021-окуу жылында ички көзөмөл боюнча аткарылган иштеринин анализи .**

Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана Илим министирлигинин 2020-жылдын 21-августундагы №64\1 буйругунун негизинде пандемия шартында окуу процессин уюштуруу боюнча нускама менен мектеп жамааты тааныштырылып , аралыктан (дистанттык )окутуу мезгилинде ата-энелерге класс жетекчилер тарабынан методикалык ,психологиялык жардам көрсөтүү боюнча атайын нускама WhatsAPP жана Zoom программалары аркылуу жеткирилди.Мугалимдердин жумалык жүктөмдөрү бөлүштүрүлүп, аралыктан окутуу боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министирлиги тарабынан жиберилген видео –телесабактарды камтып, 2020-жылдын 18-июнундагы №475 \1 буйругу менен бекитилген жана Кочкор райондук Билим беруу башкармалыгынан макулдашылган Базистик окуу планынын негизинде жүргүзүлдү.Предметтик мугалимдер Кыргыз Республикасынын өкмөту тарабынан бекитилген билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын чегинде ,окуу программаларына ылайык түзүлгөн календарлык –тематикалык пландары менен окутушту. Бардык предметтер боюнча кадрлар толук, окутулбай калган сабактар болгон жок , б.а окуу программасы толук аткарылды . Календардык пландар ,сабактардын ырааттамасы ,окутуу регламенти окуу жылынын башында сабактар онлайн форматта болгондуктан кырдаалга жараша ийкемдүү түзүлүп турду. Сентябрь айынан жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилди жана журналдарды толтуруу ,календардык план ,сабактын планын жазуу жөнүндө түшүндурүү иштери жүргүзулдү.

Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинде 2020-2021-окуу жылында 11 класс комплектиленип окутуу кыргыз тилинде бир сменада жүргүзүлөт. Азыркы мезгилде мектепте 147 окуучу окуп билим алып жатышат.

| Окуу жылы | Окутуу тили | Сменд үүлүгү | Окуучунун саны класс комплект. | Билим сапаты. | Жетишүүсү | Үйдө окутулган окуучунун саны. | Майып балдардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2019-2020-жыл | Кыргыз | 1 | 152 | 54% | 100% | 0 | 4 |

Мектептин жаны окуу жылына карата материалдык базасы, кадрлар менен толук камсыз болду. Ал эми класстык кабинеттеринин, иш кагаздарынын, спорттук аянтчанын абалын билүү иши жүгүзүлдү.

Окуучулар китеп менен камсыз болуусу жана жетишпеген жетишпеген китептер тууралуу тактоо иши жүргүзүлдү.

Класстык журналдарды жана ийрим жуналдары текшерилип, туура толтуруу боюнча жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер дайындалды. Бул тууралуу атайын семинар өтүлүп чыкты.

12-октябрда Абдрахманова Аида орус тилинен "Сложноподчиненное предложение" деген темада кызыктуу видео сабак өттү. Сабакта заманбап технологиялар колдонулуп, жогорку дэңгээлде өттү. Окуучулар өздөрүнүн билимдерин көрсөтүшүп, андан ары тереңдетишти.бул сабак 9-класска өтүлдү.

12-октябрда 5-класска Темиркул Үмөталиевдин "Күч бирдикте" чыгармасын Токтогул уулу Бакай өттү. Сабактын жүрүшүндө проектордун жардамы менен, ынтымакты, биримдикти даңазалап көрсөткөн видео слайд, иллюстрациялар көрсөтүлдү. Окуучулар биримдик, ынтымак, достук жөнүндө макал-лакаптарды жаттап, күч бирдикте, ынтымакта экенине дагы бир ирет ынанышты.


2020-2021-окуу жылынын башталышында усулдук бирикменин иштерине мүчөлөрүнө анализ берилип, кеңештин мүчөлөрү бекитилип жана жаңы окуу жылына карата иш планы түзүлдү.
Ноябрь айында башталгыч класстын декадасы болду. Окуу техникасы текшерилди 2-3-4-клсстар арасында. Декабрь айында 3-4-класстар арасында жат жазуу жана текшерүү иштери алынды. Окуучулардын билимдери жакшы деп бааланды. I жарым жылдыктын жыйынтыгы чыгарылып, II жарым жылдыкка милдеттер жүктөлдү. Окуучуларга сапаттуу билим берүүдөгү интернет булагынан алынган маалыматтарды сабактарда колдонуп , окуучуларга кызыктуу сабактар өтүлүүсү , класс кабинеттердин жаңыланып жазалышы сунушталды .

Окуу процессине келсек Кыргыз тили сабагынан 2-класс ачык сабак өтүлүп , сабак жакшы деп бааланды . 3-класста математика сабагынан "Эки орундуу сандарды бир орундуу санга көбөйтүү" ачык сабагын өттү. 1-класстын окуучулары менен "Кош Алиппе" тарбиялык сааты өтүлдү.

Scanner App Lite

Адабий окуу ,Кыргыз тили, Математика сабактарынан 2-3-4-класстардан тест,жат жазуу ,текшерүү иштер алынып процентери чыгарылды .

| | 2020-2021- окуу жылы классы 4- класс | Окуучунун саны / билим сапаты Чейректер | | | | | | | | Жылдык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | I | | II | | III | | IV | | | |
| | | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| 1 | Кыргыз тил | 15 | 61 | 15 | 64 | 15 | 62 | 15 | 66 | 15 | 68 |
| 2 | Математика | 15 | 67 | 15 | 65 | 15 | 63 | 15 | 66 | 15 | 74 |




**Мектептин жетишкен ийгиликтери.**

2019-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында кырсыктардын тобокелин азайтуу кунуно арналган КРнын өКМинин №428 буйругу менен «Мыкты эссе » сынагы откорулду . «Короновирус илдети мени эмнеге үйрөттү» деген темада эссе жазып , 10-класстын окуучусу Сайдинов Адилет «Эн мыкты сүрөт» сынагынан Эрнисбек уулу Арген байгелүү орундарды ээлешти . Кочкор районундагы мектептердин окуучулары арасында өткөн менталдык арифметика боюнча “достук” олимпиадага 5-класстын окуучусу Макмутов Чыңгыз катышып мыкты окуучу наамына ээ болгон.

ОББ____________Э Дыйканбаев.

Scanner App Lite

**“Оро-Башы”орто мектебинин 2019-2020-окуу жылында ички көзөмөл боюнча аткарылган иштеринин анализи .**

-Мамлекеттик программалардын аткарылышы .

-Сабактардын өтүлүү сапатын, мугалим тарабынан окуу тарбия иштеринин уюштурулушунун мазмунуна, формасына жана усулдар боюнча илимий талаптардын аткарылышын текшерип туруу.

- Окуучулардын өздөштүрүүсүн,өнүгүү денгээлде көзөмөлдөө.

- Мектеп жетекчилеринин кабыл алган иш пландарынын аткарылышын дайыма көзөмөлдөп туруу.

Мектептин жаны окуу жылына карата материалдык базасы, кадрлар менен толук камсыз болду. Ал эми класстык кабинеттеринин, иш кагаздарынын, спорттук аянтчанын абалын билүү иши жүгүзүлдү.

Окуучулар китеп менен камсыз болуусу жана жетишпеген китептер тууралуу тактоо иши жүргүзүлдү.

Класстык журналдарды жана ийрим жуналдары текшерилип, туура толтуруу боюнча жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер дайындалды. Бул тууралуу атайын семинар өтүлүп чыкты.

Календарлык тематикалык пландар окуу программанын негизинде текшерилип бекитилди.

“Оро-Башы орто мектебинде 2019-2020-окуу жылында 11 класс комплектиленип окутуу кыргыз тилинде бир сменада жүргүзүлөт. Азыркы мезгилде мектепте 142 окуучу окуп билим алып жатышат.

| Окуу жылы | Окутуу тили | Смend үүлүгү | Окуучунун саны класс комплект. | Билим сапаты. | Жетишүүсү | Үйдө окутулган окуучунун саны. | Майып балдардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2019-2020-жыл | Кыргыз | 1 | 142 | 57% | 100% | 0 | 4 |

Ноябрь айында башталгыч класстын декадасы болду. Окуу техникасы текшерилди 2-3-4-клсстар арасында. Декабрь айында 3-4-класстар арасында жат жазуу жана текшерүү иштери алынды. Окуучулардын билимдери жакшы деп бааланды. I жарым жылдыктын жыйынтыгы чыгарылып, II жарым жылдыкка милдеттер жүктөлдү. Окуучуларга сапаттуу билим берүүдөгү интернет булагынан алынган маалыматтарды сабактарда колдонуп ,

Scanner App Lite

окуучуларга кызыктуу сабактар өтүлүүсү , класс кабинеттердин жаңыланып жазалышы сунушталды .

Окуу процессине келсек Кыргыз тили сабагынан 2-класс ачык сабак өтүлүп , сабак жакшы деп бааланды . 3-класста математика сабагынан “Эки орундуу сандарды бир орундуу санга көбөйтүү” ачык сабагын өттү. 1-класстын окуучулары менен “Кош Алиппе” тарбиялык сааты өтүлдү. Адабий окуу ,Кыргыз тили, Математика сабактарынан 2-3-4-класстардан тест,жат жазуу ,текшерүү иштер алынып салыштыруу баалары чыгарылды .

Жыл бою аткарган иштерге анализдер ,маалымдамалар айтылды .Жаны окуу жылына иш пландарды түзүү усулдук бирикменин жетекчисине ,усулдук бирикменин мүчөлөрүнө жүктөлдү.

18-декабрда Калый уулу Аскат орус тилинен “Дикие животные и птицы” деген темада ачык сабак өттү. Сабак 1-класска өтүлдү. 1-класстын окуучулар кызыгуу менен активдүүлүгүн көрсөтүштү. Сабакта жапайы жаныбарлар менен канаттуулардын сүрөттөрү слайд аркылуу көрсөтүлүп, окуучулар сөз байлыктарын көбөйтүштү. Сабак өз максатына жетти.

**Мектептин жетишкен ийгиликтери.**

2019-жылы “Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү” жылынын алкагында Кочкор районунда өткөрүлгөн “Манас таануу” интелектуалдык таймашында биздин мектептен барган “Аалам” командасы II орунду камсыз кылган. Кыргыз Республикасынын Баатыры, мамлекеттик жана коомдук ишмер Усубалиев Турдакун Усубалиевичтин 100 жылдык маарекесине арналган Кочкор району боюнча мектептин мугалимдер арасында өткөн сценка коюу боюнча 3-орунду камсыз кылып келишкен. Ушул эле Усубалиев Турдакун Усубалиевичтин 100 жылдык маарекесине арналган спорт оюндары боюнча зооналдык мелдеште окуучулар арасында өткөрүлгөн фудбол оюнунан 1-орунду жеңип баалуу белектер менен сыйланышкан. Ал эми мектеп ментальной арифметка боюнча 3-баскычка чейин көтөрүлүп ар кандай сыйлыктарга ээ болушкан. Олимпиада билимканадан айрым окуучуларыбыз жакшы көрсөткүчтөргө жетишишкен

ОББ__________Э Дыйканбаев.

Scanner App Lite

**“Оро-Башы”орто мектебинин 2018-2019-окуу жылында ички көзөмөл боюнча аткарылган иштеринин анализи .**

-Мамлекеттик программалардын аткарылышы .

-Сабактардын өтүлүү сапатын, мугалим тарабынан окуу тарбия иштеринин уюштурулушунун мазмунуна, формасына жана усулдар боюнча илимий талаптардын аткарылышын текшерип туруу.

- Окуучулардын өздөштүрүүсүн,өнүгүү денгээлде көзөмөлдөө.

- Мектеп жетекчилеринин кабыл алган иш пландарынын аткарылышын дайыма көзөмөлдөп туруу.

Мектептин жаны окуу жылына карата материалдык базасы, кадрлар менен толук камсыз болду. Ал эми класстык кабинеттеринин, иш кагаздарынын, спорттук аянтчанын абалын билүү иши жүгүзүлдү.

Окуучулар китеп менен камсыз болуусу жана жетишпеген китептер тууралуу тактоо иши жүргүзүлдү.

Класстык журналдарды жана ийрим жуналдары текшерилип, туура толтуруу боюнча жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер дайындалды. Бул тууралуу атайын семинар өтүлүп чыкты.

Календарлык тематикалык пландар окуу программанын негизинде текшерилип бекитилди.

“Оро-Башы орто мектебинде 2018-2019-окуу жылында11 класс комплектиленип окутуу кыргыз тилинде бир сменада жүргүзүлөт. Азыркы мезгилде мектепте 135 окуучу окуп билим алып жатышат.

| Окуу жылы | Окутуу тили | Сменд үүлүгү | Окуучунун саны класс комплект. | Билим сапаты. | Жетишүүсү | Үйдө окутулган окуучунун саны. | Майып балдардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018-2019-жыл | Кыргыз | 1 | 135/67 | 52% | 100% | 0 | 3 |

Scanner App Lite

“Оро-Башы”орто мектебинин ички көзөмөл боюнча аткарылган иштеринин анализи .

Сентябрь айында райондук билим берүү бөлумунун 2020-жылдын 14-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын тил мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата мектепте атайын бурч уюштурулуп , майрамдык иш чара өткөрүлдү. Класс жетекчилер тарабынан ачык сабактар даярдалып, окуучуларга тарбиялык сабактар өтүлдү.

Башталгыч класстардын шар окуусу текшерилди.
4-класс- шар окуу-42% Окуй албаган окуучу жок. Баардыгы 12окуучу.
3-класс- шар окуу-51% Окуй албаган окуучу жок. Баардыгы 17окуучу.
2-класс- шар окуу-48% Окуй албаган окуучу жок. Баардыгы 16окуучу.

5-класстын жаны шартка көнүгүүсү. Жыл башында 10окуучу. Максаты сабактарына катышуу, мугалимдер жана ата-энелер менен ангемелешүү анкета алуу. Мугалимдердин сабактарына катышып туруу. Билим сапатын жакшыртуу. Максаты :кошумча сабактардын өтүлүшүн күчөтүү.

Мектеп ичинде олимпиада ноябрь айынын аягында өткөрүлдү .
8-класстан 11-класска чейинки окуучулар катышты. Олимпиада атайын түзүлгөн пландын негизинде өткөрүлдү.Олимпиаднын жыйынтыгында ар бир предметтен женип чыккан алдынкы окуучулар райондук турга көрсөтүлүштү.

**Башталгыч класстардын жумалык сабактары.**

Башталгыч класстын сексия жетекчиси Нүргүл Ишенбаева пландын негизинде түзүлгөн өтүлүүчү ачык сабактарынын графигинин негизинде иш алып барды. 3-класстын мугалими Арматова Дина “Алтын күз” деген темада ачык сабак өттү.

Зээндүү окуучулар менен иш алып барууну көзөмөлдөө ар бир мугалимде папка уюштурулуп тийиштүү маалыматтар салынган. Англис тили сабагынан зээндүү окуучулар менен иштөө иштери начар болуп чыкты. Жыйынтыгында англис тили сабагынан кошумча 2сааттык график түзүлүп окуучулар менен иш алып баруу учун Айганыш Кулукеевага бекитилип берилди. Тажрыйбасы көп Эгембаева Айгүл жана Кожонова Жанылкандын зээндүү окуучулар менен иш алып барууcу эн жакшы деп табылды.

**Эстетикалык илимдеринин жумалыгы**

Эстетикалык илимдеринин сексия жетекчиси Бактыбек кызы Сагида өтүлүүчү ачык сабактарынын жумалык графигин өз убагында өткөрдү.

Дене тарбия сабагынан мектеп 1-декабрь СПИД күнүнө карата 7-8-9-10-11-класстар арасында класс аралык Волейбол боюнча мелдеш оюн уюштурду. Мелдеш 4саатка чейин созулуп жыйынтыгында 1- орунга 10-касстын окуучулары багындырып громата менен сыйланышты. 2-орунду 11-класс 3-рунду 8-класстар ээледи.

Кол эмгек сабагынан кол өнөрчүлүк сынагы өткөрүлүп мыкты деген алдынкы орундарга сыйлыктар берилди.

Scanner App Lite

**Мектептин жетишкен ийгиликтери.**

2018-2019-окуу жылында 4-11 класстар арасында өткөрүлгөн Олимпиада Билимкана боюнча Санжарбек кызы Жаркынай 1-этапка өткөндүгү үчүн сыйлуу белектер жана Сертификат менен сыйланган.

"Оро-Башы"орто мектебинде "Айыл алга" фестиваль өткөрүлүп окуучулар арасында сынак уюштурулуп өткөрүлдү. Сынак жогорку деңгээлде өткөрүлүп окуучулар баалуу белектер менен жана мактоо баракчалар менен сыйланышты.

2018-жылы май айында "аймактарды өнүктүрүү" жылына карата Кочкор районунда өткөрүлгөн "Манас таануу"кароо сынагында биздин мектептен барган "Аалам" командасы III орунду камсыз кылган.

Кочкор райондук аскер комиссариаты 23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата өткөрүлгөн кароо сынакта 11-класстын окуучусу Саадатбек кызы Эленора сүрөт тартуу боюнча II орунду камсыз кылгандыгы үчүн 2-даражадагы диплом сыйланган.

2018-жылы "Аймактарды өнүктүрүү" жылына карата Кочкор райондук мектеп окуучулар арасында өткөрүлгөн спартакиадасында жеңил отлетика боюнча балдар арасында, 200 метр аралыкка чуркоо боюнча Жоомартов Изат I орунду багындырган. Ал эми областык турда III орунга илинген.

"Оро-Башы"орто мектеби боюнча, республикалык олимпиадага 16 окуучу зоонaлдык турга катышып биология сабагынан 10-калсстын окуучусу Болсунбек уулу Дастан 1-орунду, география сабагынан Алакова Байма 3-орунду камсыздашкан.

ОББ____________Э Дыйканбаев.

Scanner App Lite